УДК: 373+37.091.33

Таирова Ч.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУнун, магистранты*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУТУУНУ ЭТНОМАДАНИЙ БАГЫТТА ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Макалада башталгыч мектепте окутууну этномаданий багытта жүргүзүүнүн ар кандай жолдору сунушталды.*

***Негизги сѐздѐр:*** *этномаданият, баалуулуктар, этнопедагогика, тарбия, билим берщщ, адеп, инсан, компетенттщщлщк, маданий мурас.*

*В данной статье рекомендованы различные пути обучения в этнокультурном направлении в начальной школе.*

***Ключевые слова:*** *этнокультура, ценности, этнопедагогика, воспитание, обучение, этика, личность, компетентность, культурные наследие.*

*In this article, the recommended way of training in ethnocultural direction in elementary school.*

***Key words:*** *ethoculture, values, ethnopedagogy, upbringing, training, ethics, personality, competence, cultural heritage.*

Аталардын асыл мурастарын, руханий кенчтерин, анын ичинде этнопедагогикалык булактарды азык катарында пайдалануу менен, жаш муундарды ал булактан атуулдук ар-намыс, адамгерчилик, мекенчилдик сыяктуу мүрөк суусуна кандырмайынча, эскиден жаңыга өтүүгө же жаңыны өркүндөтүүгө мүмкүн эмес экендигин турмуш далилдеп турат.

Бул жылды Президентибиз А.Атамбаев белгилеп кеткендей “Ыйман, адеп жана маданият” жылына карата бүгүнкү күндө башталгыч мектептен баштап канча деген доорлор элегинен өтүп келген улуттук баалуулуктарды окуу-тарбия иштеринде колдонуу эң актуалдуу маселелердин бири десек, жаңылышпайбыз.

«Коом ооруса, мектепти дарылоо керек» дегендей, экономикалык кыйынчылык, кризистик абалдын себебин руханий кыйроону калыбына келтирүүдөн баштоо керектиги бардыгыбызга маалым. Руханияттын уңгусунда элик нарк-насил, адеп-ахлак жатат. Бул – этнопедагогика. Кыргыз тарыхынын эчен кыйың кезени, өйдө-ылдыйы менен ажырабай эриш-аркак келаткан элдин педагогикалык ойлор да улам жаңырып, жашоого ылайыкташып, жаңы нук, жаңы түс аркылуу коомдук прогресске демөөр болуп, келечекке жаңы нур чачып келет.

Кыргыз мамлекети эгемендүүлүктү алгандан кийин анын улуттук, маданий өзгөчөлүктөрүн, салт-санаасын муундан-муунга берилип келе жаткан мурастарын, рухий-адептик нарк-дөөлөттөрүн өз ичине алган инновациялык багыттагы билим берүүнүн программасын иштеп чыгууну жүзөгө ашыруу максаты келип чыкты.

Бүгүнкү күндө жаштарга тарбия берүүгө өзгөчө көңүл бурулушун коом талап кылып турат. Коомдун өнүгүшү менен адамзаттын көз карашы өзгөрүп, ар түрдүү социалдык-экономикалык кырдаалды башынан өткөрүп, ал гана эмес өлкөнүн жашоо ыргагынын ыдырашы зордук-зомбулуктун, өз ара мамиленин бузулушу, ыймандуулуктун жоголушу мындай тарбиянын, анын мектепте окулушунун кечиктирилгис милдет экенин көрсөттү.

Демек, азыр коом мындай тарбияны талап кылып турган кези. Муну биз жаңыдан мектеп босогосун аттаган мектеп окуучусунун этнопедагогиканын дүйнөсүнө сүңгүп кирүүсү менен башташыбыз керек. Ал этнопедагогикалык багыт окуу китебинде сөзсүз өз ордун табышы зарыл.

Окуу китеби – кыргыздын улуттук, маданий өзгөчөлүктөрүн, салт-санаасын, муундан-муунга берилип келе жаткан мурастарын, рухий-адептик нарк–дөөлөттөрүн өз ичинен алган инновациялык багыттагы билим берүүнүн китеби катары кызмат кылуусу керек. Албетте, окуучунун адеп-ахлак, ыйман, ызат дүйнөсү менен аралашууда мугалимдин

да кошкон салымысыз иш алдыга жылбасы белгилүү.

Этнопедагогикалык, рухий–ыймандык билим берүүнүн мектептеги ситемасы–окуучулардын коомдук жана жекече жүрүм–турум нормаларын жана эрежелерин, алардын адамдарга, дөөлөттөргө жана өзүнө карата адеп–нарктуу мамилесин иштеп чыгууга көмөк көрсөтүүгө чакырылган.

Социалдык–педагогикалык жана коомдук–практикалык зарылчылыктар менен шартталган, этнопедагогикалык устат–шакирт мамилесине негизделип, бирдиктүү максатка багытталып, ырааттуу уюшулган процесс болушу керек. Этнопедагогикалык, рухий–ыймандык билим берүүнүн башкы максаты – мектеп окуучуларында элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик – ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм–турум адебин калыптандыруу. Бул максат мектеп окуучуларында терең улуттук аң-сезимди жана түшүнүктөрдү калыптандыруу, рухий сезимдерди тарбиялоо, улуттук багыттагы ишенимдерди иштеп чыгуу. Жүрүм–турумда адамдык жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу сыяктуу милдеттерди чечүү аркылуу жүзөгө ашырылышы керек.

Бүгүнкү күндө “Эртеңки коомдун рухий тазалыгы, адеп-ахлактык көрөңгөсү көп жагынан мектепте билим жана тарбия берүүгө байланыштуу болгондуктан, ал жерде окутулуучу предметтерди гумандаштыруу, адамзаттын байыртадан бери түзүп келе жаткан салттарын улантууну көздөөсү, жаштарды ыйман-ынсапка үйрөтүүсү башкы милдеттердин бири болуп эсептелинет. Ал эми муну гумандуу педагогиканын идеяларысыз, жалпы эле педагогиканын, анын ичинде этнопедагогика, адабиятты окутуунун методикасы илимисиз ишке ашыруу мүмкүн эмес” [3].

Окуу китебинде адамдык нарк дөөлөттөргө өзгөчө көңүл буруу менен бирге төмөндөгүдөй диалектикалык–методологиялык талаптар жетекчиликке алынышы керек:

1. Билим берүүнүн жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөргө багытталышы;

2. Таалим-тарбиянын улуттук нарк-насилге, элдик педагогиканын көөнөрбөс салттарына жана дөөлөт-мурастарына негизделиши;

3. Рухий билим берүүнүн адагөй, гуманисттик, демократиялык, атуулдук маңызга жана мүнөзгө ээ болушу.

Ал эми таалим-тарбия процесси төмөндөгүдөй принциптерди жетекчиликке алуу менен жүзөгө ашырылат:

* Окуучулардын таанып-билүүсүн этнопсихологиялык жана этномаданий өзгөчөлүктөрүн элдик педагогиканын өрнөктүү салттарын эске алуу менен калыптандыруу;

* Окутуу-тарбиялоо процессинин мазмунун илимий, ырааттуу түрдө болушу;

* Окуучунун жекече инсандык коз карашын жана сапаттарын, адамдык беделин жана бөтөнчөлүгүн урматтоого негизделген гумандуулук;

* Таалим–тарбия ишин уюштуруу, жүзөгө ашыруу жана башкаруудагы демократиялуулук;

* Тилдик, маданий, аймактык ж.б. бөтөнчөлүктөрдү эске алууга негизделген маданият нарктуулук;

* Окуучулардын курактык, жыныстык, психофизиологиялык ж.б. бөтөнчөлүктөрүн жана өнүгүү деңгээлин эске алууга негизделген табият нарктуулук;

* Академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык;

* Предметтер аралык байланышты жүзөгө ашыруу;

* Окуучулардын өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн жана сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруу;

* Окуучулардын өз алдынча билим алуусуна жана өзүн-өзү тарбиялоосуна ыңгайлуу шарт түзүү;

* Билим берүү, өнүктүрүү жана тарбиялоо процессин өз ара айкалышта жүргүзүү ж.б. [3: 4-5].

Демек, сабакта окуучу илимий–философиялык, тарыхый-маданий, адептик-ыймандык ой-жүгүртүүнү талап кылуучу, окуучуда адамдык мамилелердин барктуулугун

даңазалоого, аларга ар нерсе тууралуу өз баасын бере билүүгө, сөздүн төркүнүн түшүнө билип жана күндөлук турмушта колдоно билүүгө үйрөнүшү керек.

Башталгыч класста сабакты этнопедагогикалык нукта окутууда реалдуу оюндарды, жомок сабагын, саякат сабагын, ар кандай конкурстарды өткөрүү абдан натыйжалуу. Бул иште мугалимдин жана ата-эненин орду, ролу чоң. Аларды сабакка катыштыруу баласынын мыкты тарбиялануусуна гана өбөлгө түзбөстөн, ата-эне бийик моралдык-ыймандык маданиятты, өрнөктүү жүрүш-туруш сапатты көрсөтүүчү баланын күзгүсү катары жоопкерчилик жүктөлүшүн да сезип-билишет.

Мындан тышкары, сөзго чебер ата-энелерди, колунан көөрү төгүлгөн уз-усталарды, эл оозуна алынган адамдарды чакырып, аңгеме-маек куруу окуучулардын кызыгуусун арттырмакчы.

Уюткулуу кыргыз эли эзелтен оозеки чыгарма, тарыхый, адабий, маданий мураска бай. Бери дегенде жыйырма бир кылым басып өткөн рухий маданиятыбыз кээде ташыган дайра болсо, кээде соолуган булак болуп кемиди. Мына ошол кемтикти толтурууда сабакта улуттук маданияттын баа жеткис ролун жана ордун даңазалоодо мугалимдин зор ишмердүүлүгү талап кылат. “Сабак процессинде окуучулардын жеке индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө, социалдык ал–абалына, үй-бүлөсүнүн шартына, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша колунан келишинче ар бир окуучуга жекече мамиле кылууга умтулуусу зарыл. Ал үчүн мугалим ар бир окуучу менен жакындан тааныш болушу, сабак учурунда эле эмес, андан сырткары мезгилдерде, мүмкүн болгон бардык учурларда аз, кыска болсо да сүйлөшүп, карым-катнаш жасоосу талап кылынат” [4].

Башталгыч мектептеги тил жана адабият сабактарында элдик педагогика олуттуу орунду ээлеши керек. Аны ыңгайы менен мугалим пайдалана билсе, билим берүү иши жогорку деңгээлге көтөрүүгө өбөлгө түзүлөрүнө шек жок.

Элдик педагогиканын баланы тарбиялоодогу орду өтө эле зор экендиги белгилүү. Бул багытта А.Алимбеков: “Кыргыз байыртадан эле акыл менен билимдүүлүктү адам баласына таандык башкы касиет катары баалап келишкен. Ата-бабалардан мурасталган аңыз-аңгемелерде, дастандарда, макал-лакаптарда азыркы муундар үчун акыл менен билимдин адам турмушундагы ордун ар тараптуу түшүнүүгө, алардын билимге болгон дитин, кунтун ойготууга дүрмөт болуучу осуяттар арбын” – деп абдан туура белгилеген [1].

Башталгыч мектепте окутуунун жаңы технологияларын колдонуу – учурда актуалдуу маселелердин бири. Мектепте бул маселенин үстүндө ар бир мугалим иштөөгө милдеттүү. Ал эми сөз кылып жаткан сабакты этнопедагогикалык нукта өткөрүүнүн жаңы ыкмалары кайсылар жана кандай тажрыйбаларды колдонууга мүмкүнчүлүгүбуз бар?

Сабакты өтүүдө окутуу жана тарбиялоо ыкмасынын негизги структурасынын компоненттери − окутуунун максаты, мазмуну, сабак берүү жана окуучунун иш-аракети. Сабактын жалпы мүнөздөмөсү, принциптери, методдору, сабак берүүнүн формаларына өзгөчө көңүл бурулуп, окуучунун өсүп-өрчүшүнө көмөк көрсөтүү, окууга болгон кызыгуусун арттыруу менен адеп-ахлактын, ыймандын бийик сересине чыгуу болуп саналат.

Сабакта окутуунун теориялык элементтери болгон ойлонууга, туура сүйлөөгө көнүктүрүү, улгүлүү жүрүш-турушка ээ болууга, билим алууга, ден соолугун чыңдоого көнүктүрүп, анын акылынын калыптанышы менен психикалык жактан өсүүсүн да эске алышыбыз керек. Демек, окуучу мугалимдин айтып бергенин элестетип, түшүнүп жана өз алдынча талкуулай алышы керек.

Мектепте кабыл алынган маалыматтар анын дубалынын ичинде гана калбастан, турмуштук керегине жарагандай болушу зарыл. Сырткы чөйрөдө бала мектептен алган билимин колдоно алууга жетишүүсүнө мугалим түздөн–түз өбөлгө түзө алат. Мындай ийгиликтерге жетишүүдө башталгыч класстарда ролдуу оюндарды ойнотуунун мааниси чоң. Себеби балдар ушул куракта көчөдөн же үйдөн көргөнүнщн жакшы же жаман экендигин айырмалай алышпайт.

Бүгүнкү күндө илим менен техниканын өнүккөн учурунда, айрыкча, башталгыч класстын балдары телевизордогу боевик, триллер, игроманиянын күчөшү менен абдан

азгырылып жатат. Мындай фильмдер баланын психикасын бузуп, ачуулуу, зөөкүр, өзүмчүл ж.б. терс сапаттардын пайда болушуна шарт түзөт. Азыркы окуучулардын көпчүлүгү адабий китеп, жомок, аңгемелерди окушпагандыгынын негизги себеби да ушунда.

Азыр балдардын көбү компьютер оюндары менен эртеден кечке алектенип, тышкы дүйнөнү унутта калтырып жатканы ата-энеге да, мугалимге да жашыруун эмес. Компьютердик оюндар баланын психикасына гана терс таасирин тийгизбестен, анын көрүүсүн бузуп, ден соолугуна да зыян келтирет. Ал гана эмес, балдарды ар кандай жол менен акча таап, түнү менен ойноого мажбурлайт. Айлана-чөйрөсүнө, ата-энесине болгон көз караштары өзгөрөт. Оюндун бир даамын таткан бала жипсиз байланып калганын өзү да сезбей калат. Анын натыйжасында өсүп келе жаткан жаш муундарыбыздын келечеги талкаланып, мамлекетибиздин түпкүлүгү солгундары баарыбызга маалим.

-Мунун баарына батыштын маданиятынын терс таасирлери болуп жүрбөсүн?

-Жок, антип күнөөлүүнү издегенче, өзүбүздүн нукура улуттук балуулуктарыбызды даңазалап, ар бир сабагыбызга колдонуп, баланын рухий дүйнөсүнө сүңгүп кирүүчү жана ойготуучу асыл мурастарды ыктуу колдоно билишүүбүз керек.

Ал эми баланын таза, баёо дүйнөсү жашоодогу “акты” да, “караны” да ылгабастан, бирдей кабыл ала берет эмеспи. Ошондуктан баланын рух кенчтерине жан берүүчү, аны ички дүйнөсүнүн азыгына айландыруучу субъект – бул мугалим. Өзүмдүн көп жылдык педагогикалык тажрыйбамдан улам, жалпы адамзаттык баалуулуктардын балына бармак малып, элдик руханий кенчтердин казынасын казып, таасирлүү материалдардын даамын татып, аларды окуу-тарбия иштеринде каражат катары пайдалануу жакшы натыйжа берерине ишендим. Башталгыч билим берүү процесси – кыргыздын улуттук, маданий өзгөчөлүктөрүн, салт-санаасын, муундан-муунга берилип келе жаткан мурастарын, рухий-адептик нарк-дөөлөттөрүн өз ичине алган инновациялык багыттагы билим берүүнүн башталгыч түпкүлүгү болушу керек. Албетте, окуучунун адеп-ахлак, ыйман, ызат дүйнөсү менен аралашууда мугалимдин да кошкон салымысыз иш алдыга жылбасы белгилүү.

Этнопедагогикалык, руханий-ыймандык билим берүүнүн мектептеги системасы – окуучулардын коомдук жана жекече жүрүм-турум нормаларын жана эрежелерин, алардын адамдарга, дөөлөттөргө жана өзүнө карата адеп-нарктуу мамилесин иштеп чыгууга көмөк көрсөтүүгө чакырылган, социалдык-педагогикалык жана коомдук-практикалык зарылчылыктар менен шартталган, этнопедагогикалык устат-шакирт мамилесине негизделип, бирдиктүү максатка багытталып, ырааттуу уюшулган педагогикалык процесс болушу керек. Этнопедагогикалык, рухий-ыймандык билим башкы максаты – мектеп окуучуларында элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандыруу. Бул максат мектеп окуучуларында терең улуттук аң-сезимди жана түшүнүктөрдү калыптандыруу, рухий сезимдерди тарбиялоо, улуттук багыттагы ынанымдарды иштеп чыгуу, жүрүм-турумда адамдык жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу сыяктуу милдеттерди чечүү аркылуу жүзөгө ашырылышы керек.

Ошентип, жаш муундарды тарбиялоодо мүмкүнчүлщктөрдүн жетишинче, колдон келишинче маданияттуу, жан дүйнөсү бай, акылын, билимин гана өстүрүп тим болбостон, анын адебин, ыйманын өстүрүүгө, жашоого, өткөнгө жана рухий–адептик нарк-дөөлөттөргө болгон көз карашын калыптандырып, улуттук баалуулуктарыбызга урпактарыбыз көздүн карегиндей мамиле жасап,өзүнүн жана элинин тагдыры үчүн жоопкер болгон адамды тарбиялоо – азыркы күндогү мугалимдин гана эмес, бүткүл агартуу системасынын, коомдун милдети.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. –Бишкек: Педагогика, 2001, 4-б.

2. Жалпы билим берүүчү мектептердин 1-11-класстары үчүн окуу программасы. -Бишкек: ТАС, 2004, 4-5-б.

3. Муратов А. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери. Педаг. илим-

нин докт.дар. үчүн дисс. автореф-ты. –Б., 2010, 3-б.

4. Чыманов Ж. Кыргыз тили сабагынын психологиялык негизи// Эл агартуу, №11-12, 2004, 3-б.